Эркин Тоо
мамлекеттик расмий гезити

Акчаңызды алтын менен сактаңыз

# АЛТЫН КУЙМАЛАРЫН САТУУ НАТЫЙЖАСЫН БЕРҮҮДӨ



***Кыргыз элинин "Алтын башың аман болсо, алтын аяктан суу ичесиң"-деген акылман макалы бар. Бул макалда алтындын да баалуулугу айтылууда. Чынында алтынды дат баспайт, ээрибейт, башка металлдар менен реакцияга барбайт. Алтындын ушул сыяктуу өзгөчө касиеттери анын баалуулугун күн сайын арттырып келүүдө. Ошол себептен азыркы учурда деле алтындын наркы дүйнөдөгү курсу эң жогору деген валюталардан өйдө болуп келүүдө. Мына ушул факторду эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы алгачкылардан болуп, 2015-жылдын 7-майында 1,2,5,10, 31,1035 жана 100 грамм өлчөмүндөгү өзгөчө коргоого алынып, таңгакталган алтын куймаларын сатыкка чыгарган.***

Алтын куймасынын биринчи партиясын даярдоого 45 килограмм алтын сарпталган. Анын бардыгы 999.9 пробасындагы жогорку сапаттагы алтын болуп саналат. Алтын куймасын сатыкка чыгаруунун максаты жергиликтүү экономикадагы долларлашуунун деңгээлин төмөндөтүүгө, жарандардын аманаттарды тандоосунда бир гана валюта менен эмес, алтын менен да сактоого мүмкүндүк түзүүгө багытталган болчу. Мындан сырткары бул долбоор республиканын зергерлик тармагынын өнүгүшүнө шарт түзөт. Анын үстүнө алтын куймасын сатыкка чыгаруу менен АКШ долларынан арылууга көмөгүн көрсөтүүдө деп айтсак болот. Алтын куймасын инвестициялык ыкма катарында колдонуу максатында аны сатып алуу жагы да киргизилген. Ошондой эле доллар же башка чет элдик валюта менен сакталган депозиттердин көлөмүн азайтуу үчүн жарандарга алтын куймасы менен акчаны сактоо ыңгайлуу экендиги сунушталган. Баарыбызга белгилүү болгондой ар кандай валюталардын курсу өйдө-ылдый өзгөрүлүп турат. Бирок, алтындын баасы кескин өзгөрүүдөн алыс экенин мезгил өзү көрсөтүүдө. Ошондуктан кардарлар акчаларын алтын куймасы менен сакташса көп уттурушпайт. Эскерте кетсек, алтын куймасын сатып алгандыгы үчүн салык төлөнбөйт.

Алтын куймалары дагы кандай маанилерге ээ экендигине кыскача токтоло кетели. Биринчиден, ал Кыргыз Республикасында баалуу металлдардын рыногун түзөт жана өнүктүрөт. Экинчиден, инвестициялоо жана байлыкты топтоо үчүн жаңы инструменттердин рыногу түзүлөт. Үчүнчүдөн, республиканын коммерциялык банктарын ишенимдүү инвестициялык актив сактоочу катары жагымдуулугун арттырат. Төртүнчүдөн, өлкөдөгү банк рыногуна ички инвестициялар тартылат. Бешинчиден, Кыргызстандын алтын өндүрүү тармагынын өндүрүмдүүлүк потенциалын өнүктүрөт. Бул максаттардын аткарылышы келип отуруп, жарандарыбыздын акча каражаттарын сактоого ыңгайлуу шарт түзүп берүү болуп эсептелет.



Мына Улуттук банк бул долбоорду ишке киргизгенден бери арадан эки жылдан ашык убакыт өттү. Эми анын натыйжаларына көңүл бурсак. Алтын куймаларын адегенде 45 кг чыгарган болсо, бүгүнкү күндө жалпысынан суммасы 503,3 миллион сомдук 180,4 кг алтын куймалары чыгарылып сатылган. Ал эми кайра сатып алган алтын куймаларынын көлөмү 103,8 кг. ны түздү. Суммасы 296,5 миллион сом. Көрүнүп тургандай, көрсөткүч бар. Ошондуктан кардарларга дагы бир ирет алтын куймаларын сатуу жана сатып алуу жолжоболору боюнча түшүндүрмө бере кетели.

Өлчөнгөн алтын куймаларын сатуу накталай жана нак эмес эсептешүүлөр аркылуу Улуттук банктын Борбордук жүгүртүү касса тобу жана ошондой эле Улуттук банктын бардык аймактардагы облустук башкармалыктарынын жүгүртүү кассалары жана ошол кассаларда коюлган пос-терминалдар аркылуу банк төлөм карттарын колдонуу менен ишке ашырылат. Сатып алуу учурунда кардарлар кассирге өздүгүн тастыктаган документти (юридикалык жак кошумча ишеним кагазын) көрсөтүп төлөгөндүгү тууралуу дүмүрчөккө кол коет.

Алтын куймаларын нак эмес эсептешүүлөр аркылуу сатууда кардар акчасын Улуттук банктын эсебине которот. Жеке тараптарга алтын куймалары өздүгүн тастыктаган документтин негизинде сатылат. Юридикалык тараптар кошумча ишеним кагазын көрсөтүшү керек. Алтын куймаларын нак эмес эсептешүүлөр аркылуу сатууда Улуттук банктын эсебине акча каражаты келип түшкөн күндүн эртеси берилет.

Банк төлөм карттары, пос-терминалдар аркылуу, нак эмес эсептешүүлөр аркылуу алтын куймаларын сатууда кардар кассирге өзүнүн банктык төлөм картын көрсөтүп, пос-терминалдагы ПИН-кодду терүүсү керек. Кассир карт-чектин жана өздүгүн тастыктаган документтин негизинде алтын куймаларын берет.

Алтындан даярдалган 100 грамм салмагындагы куймалар сертификаты менен кошо, өзүнчө кутучаларга жайгаштырылат. Ал эми салмагы 1,2,5,10 жана 31 грамм болгон өлчөнгөн куймалар сертификаттын кызматын аткаруучу-өзгөчө коргоого алынган ГЖКРМ желим менен капталып (таңгакта) чыгарылат. Бул таңгак бир эле учурда мына ошол алтын куйманын сертификаты дагы болуп эсептелинет. Ошондуктан бул таңгакты эч качан ачпагыла деп сунуштаар элек. Ачылбаган болсо, кайра сатып алууда эч кандай маселе жаралбайт. Бирок чийилип, таңгак бузулса, банк аны экспертизадан өткөргөндөн кийин гана баасын төлөп берет. Бирок экспертиза үчүн мына ошол баанын 7 пайызы алынат. Анан текшерүүгө 10 күнгө чейин убакыт кетет. Банк өзү чыгарган гана алтын куймасын кайра сатып алат. Башка куймаларды сатып ала албайт.

Алтын куймаларды сатып алуу-сатуу баасы күн сайын улуттук валютада аныкталып, Улуттук банктын расмий сайтынын "Банктык өлчөнгөн куймалар" бөлүмүнө жайгаштырылат. Куймаларды кайра сатып алуу жогоруда белгилегендей эле, кутучасы-сертификаты бузулбаган шартта гана кабыл алынат.

Алтын куймалары Улуттук банк белгилеген сомдун АКШ долларына болгон курсу боюнча жана Лондон биржасынын күнүмдүк баасы менен сатылат.

**Куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу иш күндөрү күн сайын саат 9.00дөн 15.00гө чейин төмөнкү даректер боюнча ишке ашырылат.**

- **Бишкек шаары, Т.Үмөталиев көчөсү, 101, тел.: (312) 66-91-41; 66-92-31;**
- **Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү, 119, тел.: (3222) 2-12-07; 2-12-20;**
- **Жалал - Абад шаары, Эркиндик көчөсү, тел.: (996 3722) 5-27-72; 5-03-15;**
- **Каракол шаары, Токтогул көчөсү, 265, тел.: (996 3922) 5-12-47; 5-12-58;**
- **Нарын шаары, Жамгырчы уулу Абас көчөсү, 6, тел.: (996 3522) 5-04-71; 5-04-69;**
- **Талас шаары, Бердике баатыр көчөсү, 291, тел.: (996 3422) 5-23-77; 5-20-77.**

**Абдимухтар АБИЛОВ**



# ДҮЙНӨДӨ ТҮРКҮН КЫЗЫК КӨП

Кытайда Нонч Юхуэй деген өзгөчө бала жашайт. Күндүзү теңтуштарынан эч айырмаланбаган баланын мышыктыкындай көк саргыч түстөгү көздөрү түн ичинде күйүп-жанып, күндүзгүдөй китеп окуйт. Өлкөдөгү белгилүү окумуштуу адистердин дыкат кароосунан өткөн мышык көздүү баланын мындай өзгөчө түн ичинде көрүү жөндөмүнө ээ болушун алар жаратkandын бул балага берген белеги деп жыйынтык чыгарышкан.

***

Элейин Девидсон дүйнөдөгү денеси эң "жыртык" адам болуп саналат. Бүгүнкү күндө бул түбү бразилиялык шотландиялык "темир аялдын" денесинде – ар кандай темир буюмдарды илген 605 тешик бар. Эгерде Элейин Девидсон денесиндеги ар түрдүү "темир буюмчаларын" алып таштаса, ал 6 кг арыктай түшөт. "Денем ооруп турса мен өзүмдү бактылуу сезем" дейт Элейин.

***

Кытайдын 65 жаштагы тургуну Ваньинг канчалаган дары ичсе да баш оорудан эч кутула албайт. Акыры айласы кеткен Ваньинг дартына даба издеп дарыгерлерге кайрылат. Оорулууну кылдат текшерген дарыгерлер анын маңдай сөөгүндө узундугу 2 см ок жатканын табышат. Оорулуу бул дартка 1967-жылы өлкөдөгү маданий революция учурунда чалдыккан угушкан дарыгерлер гана эмес, оорулуунун жакындары да өтө таң калышат. Мындай сөөгүнө кептелген ок 42 жылдан бери анын ден соолугуна зыян келтирип келген.

Катуу ич оору менен кайрылган 52 жаштагы голландиялык Маргарет Дааламанды караган хирург бир топко апкаарый түшүп, оорулууну рентгенге тартырат. Көрсө, Маргарет эл жеген тамак-ашка караганда өңү-түсү жылтырак кашык-вилкалар менен тамактанууну абдан жактырат экен. Маргареттин башка тамак-аштарга караганда өзгөчө кашык-вилкаларга аппетитинин ачылышын дарыгерлер анын психикасына байланыштырышууда.

***

АКШнын окумуштуулары "Террафугия" деген учуучу машинаны ойлоп табышкан. Бул машинаны чыгарган компания кошумча май куйдурбастан эле – 400 миль учаарына кепилдик беришүүдө. Канаттарын чогултуп коюучу машинаны сыноодон өткөргөн учкучтар ага жогорку баа беришкен. "Террафугиянын" баасы – орус акчасы менен 6,5 млн рубль турат.



***

Илгери королдордун мезгилинде алардын кийимдериндеги топчулары да бир топ роль ойногон. Мисалы, Франциск-1 өзүнүн абройлуу кабыл алууларында кийе турган костюму үчүн 13,5 миң кичинекей алтын топчуга, анын уулу Генрих-II адамдын баш сөөгүнө окшош – 216 күмүш топчуга заказ беришет. Ал эми Венгриянын королу алыскы-жакынкы мамлекет башчыларынан кем, арзан болбосун деп жатып, аз жерден мамлекетин сызга отургузуп коё жаздайт.

**Бактыбек ИМАМАДИЕВ**